УДК:811.111:378
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-68-76

**Мырзалымбекова А.К.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aichu_aup@mail.ru
**Абдраева А.Т.**
филогия илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ АУДИТОРИЯ ҮЧҮН АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ КЕЗДЕШҮҮЧҮ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЖЕҢҮҮ ЖОЛДОРУ

**Аннотация.** Бүгүнкү күндө англис тили дүйнө жүзүндө эң кеңири колдонулуучу коммуникациялык тил болуп саналат. Англис тили дүйнөлүк бизнестин жана саясаттын тилине айланган. Көптөгөн жогорку окуу жайларда студенттер англис тилин милдеттүү предмет катары окушат, анткени ал келечекте карьералык ийгиликке жетүүдө жана ар кандай кесиптик багыттарда чоң мааниси бар.

Бул макалада англис тилин үйрөнүүдө студенттерге жана окутуучуларга маалым болуучу негизги көйгөйлөр жана кыйынчылыктар каралат. Максат – англис тилин өздөштүрүүнү жакшыртуу үчүн колдонсо боло турган методдор менен жолдорду сунуштоо. Алар практикада оңой жана натыйжалуу колдонулушу керек.

Англис тилин үйрөнүүдө мотивацияны жоготпоо үчүн баалуу ыкмалар, көндүмдөр бар. Алар: угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу, мына ушуларды үзгүлтүксүз машыктыруу менен өнүктүрүү өтө маанилүү. Андан тышкары бул макалада тил курстары, атайын студенттер үчүн женилдетилген колдонмолор жана баарлашууга үйрөнүп көнүгүүсүнө карата мүмкүнчүлүктөр жөнүндө баяндалат.

**Негизги сөздөр:** офис, бус, колл центр, партнер, инвестор, пикник, комфорт, коммуникация, карьера, диалект, акцент, фонетика, лексика, аудирование.

**Мырзалымбекова А.К.**
кандидат филологических наук, и.о.доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Абдраева А.Т.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ПРОБЛЕМЫ, ВОЗНИКАЮЩИЕ ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА КЫРГЫЗСКОЯЗЫЧНОЙ АУДИТОРИИ И СПОСОБЫ ИХ ПРЕОДОЛЕНИЯ

**Аннотация.** В настоящее время английский язык является самым широко используемым языком общения в мире. Английский язык превратился в язык мирового бизнеса и политической сферы. Во многих вузах студенты изучают английский язык как обязательный предмет, поскольку он имеет большое значение для достижения карьерного успеха и в различных профессиональных направлениях.

В данной статье рассматриваются основные проблемы и трудности, с которыми сталкиваются студенты и преподаватели при изучении английского языка. Цель – предложить методы и пути, которые можно использовать для улучшения освоения английского языка. Они должны быть просты и эффективны на практике.

Чтобы не терять мотивацию при изучении английского, важны ценные методы и навыки. К ним относятся: слушание, говорение, чтение и письмо – очень важно постоянно тренировать именно эти умения. Кроме того, в статье рассказывается о курсах языка, специальных упрощённых пособиях для студентов и возможностях обучения общению через упражнения.

**Ключевые слова:** офис, автобус, колл-центр, партнёр, инвестор, пикник, комфорт, коммуникация, карьера, диалект, акцент, фонетика, лексика, аудирование.

**Myrzalymbekova A.K.**
candidate of Philological Sciences
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**A.T.Abdraeva**
Doctor of Philology, Professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## PROBLEMS ARISING IN TEACHING ENGLISH LANGUAGE KYRGYZ URBAN CONTENT AND WAYS TO OVERCOME THEM

**Abstract.**Today, English is the most widely used communication language worldwide. English has become the language of global business and politics. Many universities require students to study English as a compulsory subject because it is highly important for achieving career success and in various professional fields.

This article addresses the main problems and difficulties encountered by students and teachers when learning English. The goal is to propose methods and approaches that can be used to improve English language acquisition. These methods should be practical, simple, and effective.

To maintain motivation in learning English, valuable techniques and skills are essential. These include listening, speaking, reading, and writing – regular practice of these is crucial for development. Additionally, the article discusses language courses, specially simplified materials for students, and opportunities to practice conversational skills through exercises.

**Keywords:** office, bus, call center, partner, investor, picnic, comfort, communication, career, dialect, accent, phonetics, vocabulary, listening.

Бүгүнкү күндө англис тили дүйнө жүзүндө эң кеңири колдонулуучу коммуникация тили болуп саналат. Англис тили дүйнөлүк бизнестин жана саясаттын тилине айланган. Көптөгөн жогорку окуу жайларда студенттер англис тилин милдеттүү предмет катары окушат,

анткени ал келечекте карьералык ийгиликке жетүүдө жана ар кандай кесиптик багыттарда чоң маани бар. Дүйнөлүк тилдерге болгон кызыгуу, улуттар аралык мамилелердин маанилүү куралы катары калыптанып келет.Тилдердин байланышы жакында жана алыста турган элдердин экономикалык жана маданий байланыштарын камсыздайт.

Окумуштуулар тарабынан тилдердин өнүгүү тарыхы боюнча изилдөөлөр, талкуулар өткөрүлүп, илимий эмгектер жаратылып келе жаткандыгын көрүп күбө болуп келебиз. Азыркы доордун ааламдашуу учурунда тилдердин бир-бирине тийгизген таасири баарыбызга белгилүү.

Бул макалада учурда ааламдашуу жана санариптештирүү шартында орто билим берүү мекемелеринде англис тилин чет тили катары окутуунун өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар экендиги жана анын жеңүүнүн жолдору жөнүндө кыскача баяндалат. Ушуга байланыштуу англис тили мугалимдери үчүн методикалык сунуштар, албетте, алардын окутуу ишмердүүлүгүндө карата алгылыктуу колдонмо болуп саналат. Төмөндө англис тилин окутуунун негизги принциптери, сунушталган окуу-методикалык ресурстарды сабактарда туура колдонуу, ошондой эле грамматикалык жана лексикалык материалдарды окутууда студенттер жана окутуучуларга маалым болуучу негизги көйгөйлөр жана кыйынчылыктар каралат. Бул макаладагы негизги максат – англис тилин өздөштүрүүнү жакшыртуу үчүн боло турган айрым усулдук сунуштар берилди. Алар практикада оңой жана натыйжалуу колдонулушу менен маанилүү натыйжаларды берүүсү керек экендигине токтолгум келди.. Англис тилин үйрөтүү көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да өзгөчө мааниге ээ. Англис тилин үйрөнүүдө мотивацияны жоготпоо үчүн баалуу ыкмалар бар. Ар бир көндүмдү – угууну, сүйлөөнү, окууну жана жазууну – үзгүлтүксүз өнүктүрүү маанилүү. Андан тышкары, тил курстары, атайын колдонмолор жана байланыш түйүндөрү менен баарлашуу аркылуу үйрөнүү процесси жанданып, ийкемдүү болуп келеерин турмуш өзу практикалап келет.
Ошондой эле лексиканы, грамматиканы туура колдонуу жана туура айтылыш маселелерине өзгөчө көңүл бурууга тийиш. Ал үчүн ар бир студент психологиялык тоскоолдуктар менен да күрөшө билүүсү зарыл – каталарды жасоодон коркпой, ката кетирүү аркылуу үйрөнүү процессин туура кабыл алып түшүнүүсү керек.

Бүгүнкү макалада менин токтоло турган негизги багытым кыргыз тилдүү студенттер үчүн англис тилин үйрөнүүдөгү алгач грамматикалык системанын кыйынчылыктарын жеңүү жолдоруна башкача өңүт менен кароо.

Англис тилиндеги грамматикалык эрежелерди компетенттүү билип колдонуу менен туура сүйлөп ангемелешип, диалогторго чыгып өз оюн ачык так айтып өзү каалаган маалыматтарды алууга мумкунчулугу болот. Бул үчүн тилдин грамматикалык эрежелерин жөнөкөйлөтүп түшүндүрүү менен аны туура колдоно алуусуна жетишүү. Ал үчүн теориялык билим берүүнү үзгүлтүксүз толук кандуу маалыматтар менен камсыздоо ар бир тилге кызыккан же жөндөмү бар адамга астындагы ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүү.

Кыргыз тилдүү аудитория үчүн англис тилин үйрөтүүдө бир нече кыйынчылыктар пайда болуп келет. «Фонетика – тилдин тыбыштык системасы жөнүндөгү илим. Бул илим тыбыштардын жасалышы, алардын акустикалык жана артикуляциялык касиеттерин, тыбыштардын речтик агымда түрдүүчө өзгөрүлүп айтылышын, муун, басым, интонация ж.б. маселелерди иликтейт”.Төмөндө ушул кыйынчылыктар жана аларды жеңүү жолдору каралат.
Мисалы: Фонетикалык айырмачылыктар кыргыз тилинде жана англис тилинде үндөрдүн айырмалары бар. Мисалы, англис тилиндеги "th" үнү кыргыз тилинде жок, бул студенттер

үчүн кыйла кыйынчылык жаратууда. Ооба тыбыштар боюнча тоскоолдуктар майда көрүнгөнү менен аны жеңүүнүн жолдору дайыма үзгүлтүксүз машыгууларды талап кылат Студенттерге фонетика боюнча тыбыштарды кайталап айтып жатыктыруу, ачык жана үнсүз үндөрдү үйрөтүү. Видео жана аудио материалдарды колдонуу менен тыбыштардын туура айтылышты кайталап угузуп туруу колго алынышы керек. Грамматикалык структура угуучулар үчүн ар кандай формадагы машыгууларды талап кылат [1, 256-258].

Англис тилинде грамматикалык конструкциялар кыргыз тилине караганда башкача. Мисалы, англис тилинде сүйлөмдүн жайгашуу тартиби,чактын формалары ар кандай.

Англис тилинин грамматикасы жогоруда айтылгандай туура тынымсыз окуп үйрөнүү жолдору менен бул тилди терен үйрөнүүгө изилдеп салыштырып таанууга кезиккен кыйынчылыктарды жеңүү жолун табууга карата тынымсыз иштөө дегенди билдирет. Англис тилди кеңейтүү, кабыл алуу үчүн, аудиторияда азыркы күндө көп мүмкүнчүлүктөр бар. Интернет булактарында канчалаган маалыматтар топтому аркылуу үйрөнүп тилди өз алдынча окуп үйрөнүп, электрондук шилтемелерди эркин пайдаланып жеңил шарттарда окуусун улантып, же өзү каалаган жумуштар менен алектенүүгө мүмкүнчүлүктөр чексиз.

Ал үчүн окуп аткан тилдин грамматикалык багыттары жана ар кандай маaалыматтары менен теренден таанышып изилдеп билүү үчүн систематикалык аракеттенүү зарылдыгы тургандыгы анык [ 2, 300-302].

Кыргыз тилдүү окуучулардын англис тилинин грамматикалык түзүлүшүндөгү айрым кыйынчылыктарды жеңүүсүнө карата англис тилинен сабак берген окутуучулар да төмөнкүдөй айрым ыкмаларды үзгүлтүксүз колдонсо болот:

1. *Тилдик негиздерди түшүнүү*: Англис тилинде грамматикалык түзүлүштөр кыргыз тилине салыштырмалуу түшүндүрө алуу. Мисалы, англис тилинде сөздөрдүн сүйлөмдөгү *орду* маанисине таасир этет, ал эми кыргыз тилинде сөздөрдүн формасы сүйлөмдүн маанисин аныктайт. Студенттерге грамматиканын негиздерди болгон сөз түркүмдөрүн мисалы, зат атоочтордун, сын атоочтордун жана этиштердин формаларын салыштырмалуу үйрөтүүгө көңүл буруу өтө маанилүү.
2. *Тажрыйба жана практика:* Студенттерге грамматикалык түзүлүштөрдү колдонуу үчүн көп практика керек. Грамматикалык структура угуучулар үчүн ар кандай формадагы машыгууларды талап кылат. Мисалы, жазуу, сүйлөө, жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу грамматиканы тынымсыз кайталап бекемдөө.
3. *Ката кетирүү жана оңдоо*: Студенттерге грамматикалык каталарды табууга жана оңдоого жардам берүү. Алардын каталарын талдап, туура формаларды көрсөтүү аркылуу үйрөнүү көндүмдөрүн жакшыртуу процессин колго алуу .
4. *Визуалдык материалдарды колдонуу:* Грамматикалык түзүлүштөрдү визуализациялоо үчүн диаграммаларды, таблицаларды жана ар түрдүү формадагы карточкаларды колдонуу. Англис тилинде грамматикалык конструкциялар кыргыз тилине караганда башкача. Мисалы, англис тилинде сүйлөмдүн жайгашуу тартиби,чактын формалары ар кандай. Бул структураны жеңүү үчүн студенттерге грамматиканы визуализациялап көрсөтүү жолдору визуалдык көрсөтмө куралдарды тынымсыз, үзгүлтүксүз колдонуу жана грамматикалык эрежелерди практикалык мисалдар менен түшүндүрүү усулун дайыма колдонуп турушу керек. Анткени, студенттин угуус, окуусу, көрүүсү бирдей өнүккөндө кана өз шемишин бере алат.
5. *Окуу жана угуу материалдарын жаңылап туруу:* Англис тилиндеги китептерди, макалаларды, жана аудио материалдарды такай колдонуу. Бул материалдар грамматикалык түзүлүштөрдү контекстте көрүүгө жана түшүнүүгө жардам берет.

6. *Топтук иш:* Студенттерди топко бөлүп иштетүүнү колго алуу менен, аудитория ичинде талкуу жана пикир алмашууну, биргеликте кызматташууну, бир бүтүм чечимге келүүнү, биргеликте ар кандай кырдаалдарды жараткан грамматикалык маселелерди чечүүгө чакыра алат.
7. *Тилдик оюндар*: Грамматиканы үйрөнүү үчүн оюндарды колдонуу. Мисалы, сөздөрдү туура жайгаштыруу, грамматикалык тесттер, же ролдук оюндар.
8. *Мотивация жана кызыгуу*: Студенттердин англис тилине болгон кызыгуусун арттыруу. Алардын кызыкчылыктарын эске алып, темаларды тандоо жана үйрөнүү процессин кызыктуу кылуу [3, 114-117].

Бул ыкмаларды колдонуу аркылуу кыргыз тилдүү аудитория англис тилинде грамматикалык түзүлүштөрүн жакшыраак түшүнүп, андан ары колдонууга үйрөнүшөт.

Мына ушул жогоруда айрым тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү маселери алибетте англис тилин угуучуларга англис тилин окуткан *окутуучудан* көз каранды экендигин баса көрсөтө кетким келет.

Англис тилин үйрөнүү бүгүнкү күндүн глобалдуу жана жогорку технологиялык өнүгүүсү бар маселе катары болуп эсептелет. Окутуучулар англис тили сабагында бир кана грамматиканы эмес тилди оозеки өздөштүрүүсүнө карата аудиториянын мотивациясын жогорулатууга натыйжалуу процесстерди уюштуруу үчүн ар кандай методдорду колдонуу зарыл. Англис тилин үйрөнүүдө лексикалык айырмачылыктар көп кездешет. Англис тилиндеги көптөгөн сөздөрдүн кыргыз тилинде так эквиваленттери жок. Мисалы, абстрактуу түшүнүктөрдү билдирүүдө кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Сөздөрдү контекстте үйрөтүү, синонимдер жана антонимдер менен иштөө. Күнүмдүк жашоодон алынган сөздөрдү колдонуп, лексиканы кеңейтүү.Мисалы: office, bus, Call center, ; Partner; Investor; Picnic; Cow-boy; Comfort; Leader. Англис тилин үйрөнүү маданияттык контекстти да талап кылат. Кыргызстандагы студенттер англис тилинде сүйлөшүүдө маданияттык кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Маданиятты үйрөнүү үчүн видео, китептер жана интерактивдүү материалдарды колдонуу [ 4, 122-124].

Студенттерди англис тилиндеги маданий иш-чараларга катышуусуна ар дайым үндөө зарыл. Мотивациянын жетишсиздигинен
көпчүлүк учурларда студенттер өз алдыларына жеке максаттарды коюп тил менен алектенүүнү колго ала албай келишет. Англис тилин үйрөтүү процессинде кыргыз тилдүү аудитория үчүн кыйынчылыктар бар, бирок ал кыйынчылыктардын үстүнөн иштөөгө толук мүмкүнчүлүктөр бар деп ойлойм. Усулдук заман бап ыкмаларды колдонуп, студенттердин англис тилине болгон кызыгуусун арттырууга карата эффективдүү шарттарды түзсө болот.

Тил үйрөнүү – бул узак процесс, бирок туура ыкмалар менен аны жеңилдетүү мүмкүнчүлүгү бар. Ошондуктан,тилди оозеки окутууда колдонулуүчү төмөнкү ыкмаларга көнүлбуруу зарыл деп ойлойм.Мисалы:

- *Тил үйрөнүү процессин уюштуруу:* Окутуучулар англис тили сабагында тексттерди, сүйлөм үлгүлөрүн жана оозеки кебин өстүрүүчү көнүгүүлөрдү колдонуп, угуучулардын тилдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө машыктырышат.
- *Коммуникативдик ыкманы колдоно билүү:* Жакындан колдонулган коммуникативдик окутуу методдору аркылуу мугалимдер угуучуларды тилди практикада колдонууга шыктандырышат, бул тилди үйрөнүүнүн натыйжалуулугун жогорулатат.
- *Волонтёрлорду сабактарга тарта билүү:* Англис тилчи мугалимдер волонтёрлорду сабакка тартууну практикалай алышса, анда студенттердин тилди алып жүрүүчүлөр менен

баарлашуудан мүмкүнчүлүктөрү кеңейет, бул студенттер үчүн чоң тажрыйба жана мотивация булагы болуп кызмат кылат.

- *Сөз жаттатуу ыкмасынв ээ болуу:* Кээ бир окутуучулар сөз жаттоо ыкмасын колдонушат, бирок бул методдун өзгөчөлүктөрү жана чектөөлөрү бар, анткени алгач тилди түшүнүү жана колдонуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү маанилүү экендигин билишет.
- *Жаңы технологияларды колдонуу*: 1-курстарда окуган студенттерге англис тили сабагында жаңы технологияларды колдонуп билим берүү менен окутуу процессинин натыйжалуулугу жогорулата алышат. Окутуучулар интерактивдүү материалдарды колдонуу менен студенттердин кызыгуусун арттырышат [5, 65–66].
- *Драма жана оюндарды колдонуу:* Драматизация жана оюндар аркылуу *окутуучулар* студенттердин тилге болгон кызыгуусун жана сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. Бул методу угуучулардын активдүүлүгүн жогорулатат жана сабактарды кызыктуу кылууга шарттар пайда болот [5, 67–69].
- *Психологиялык тоскоолдуктарды жеңүү***:** Англис тилин үйрөнүүдө студенттерге психологиялык жабыркоолор жана кызыксыздык пайда болушу мүмкүн. Окутуучулар онлайн же оффлайн жол менен сабак өтүүдө угуучуларга теманы мазмундуу, кызыктуу кылып, угуучулардын мотивациясын сактоого аракет кылышат
- *Кеп маданиятын калыптандыруу***:** Болочок мугалимдер студенттердин сүйлөө маданиятын өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасашат, бул тил үйрөнүү процессин социалдык жана коммуникациялык жактан байытуу үчүн маанилүү [6, 12-18].

Окутуучулардын англис тилин окутууда колдоно турган ыкмалары жана ролу ар түрдүү жана комплекстүү болуп турушу абзел. Ар бир методдун өзүнүн күчтүү жана алсыз жактары бар, бирок окутуучунун негизги максаты – аудиторяны тилди түшүнүүсүн жана колдонуу жөндөмдөрүн жогорулатууга жасалган аракеттери болуп саналуусу керек.

Заман бап окутуунун технологияларына үнүлсөк : угуучуларга англис тилин үйрөтүүдө англис тили *мугалимдерине* кандай *көндүмдөр* маанилүү деп эсептейбиз?

Алибетте, англис тилин үйрөтүүчү окутуучулар үчүн төмөндөгү негизги көндүмдөр маанилүү болуп саналат:

• *Жакшы коммуникациялык жөндөмдөр.* Окутуучулар өтө турган темадагы материалды так жана түшүнүктүү берүүгө, ар кандай деңгээлдеги соцталдык жана маданий фонду бар окуучулар менен эффективдүү баарлашууга жөндүү болушу;

• *Англис тилин жогорку деңгээлде билүү.* Бул туура фонетиканын эрежелерин так сактап, тамгаларды , тыбыштарды так айтуу, баарлашуу үчүн сөздүн бай ресуртарына, жаңы сөздүктөрг ээ болуу жана грамматикалык түзүмдөрдү туура колдонуу менен окуучуларга сапаттуу тил моделин берүү;

• *Бардык тил көндүмдөрүн өстүрө билүү – угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу.* Окутуучунун тилди комплекстүү өнүктүрө алуусу үчүн ар түрдүү кырдаалдагы жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга деген ыкмадагы тапшырмаларды жана машыгууларды колдонуусу;

• *Маданий түшүнүк жана сезимталдык***.** Угуучулардын маанайын , психикалык абалын, жөндөмүн, маданий өзгөчөлүктөрүн түшүнүү ишенүү менен кабыл алуу жана туура мамиле түзүүгө, ыңгайлуу окуу чөйрөсүн шартоого жардам берүү.

• *Критикалык ой жүгүртүү жана туура суроолорду коюу жөндөмү.* Бул жумшак көндүмдөр окуучулар менен натыйжалуу иштөөгө, мотивацияны сактоого жана кыйынчылыктарды жеңүүгө шарт түзөт. Мунун жардамы менен угуучулардын материалды тереңирээк

түшүнүүсүнө жетишүү жана өз алдынча иштөө карата жөндөмдөрүн өнүктүрүү [7, 227-229].

Окутуучулар аудитория менен иштегенде туура убакыт, туура пландап иштөөнү туура колго алышы керек. Сабакты пландоо жана заманбап методикаларды колдонуп сабактарды кызыктуу жана натыйжалуу даярдоо көндүмдөрү ар дайым ар бир окутуучунун эң негизги ресурсу боло алат. Ошентип, ийгиликтүү англис тили мугалими кесиптик тилдик компетенцияларды, педагогикалык жана өз ара байланыш көндүмдөрдү бириктирип, студенттерди эффективдүү окутууга шарт түзөт.

Заманбап технологиялар англис тилин үйрөтүүдө колдонулган негизги аспаптар болуп саналат. Ооба,заманбап технологиялар англис тилин үйрөтүү процессин интерактивдүү, ыңгайлаштырылган жана эффективдүү кылууда чоң ролду ойнойт. Алардын негизгилери: *Онлайн платформалар жана билим берүү сайттары*. Ар түрдүү окуу материалдарына, машыгууларына, тесттерге жана интерактивдүү тапшырмаларга жеткиликтүүлүк берип, тилди ыңгайлуу мезгилде жана ылдамдыкта үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. *Мобилдик тиркемелер*. Сөздүк байлыгын, грамматиканы, угуу жана туура айтууну каалаган убакта машыктырууга шарт түзүп, сабактардын үзгүлтүксуздугун жана мотивациясын жогорулатат [8, 83–87].

*Интерактивдүү жазуучу такталар жана мультимедиялык каражаттар*. Видео жана аудио материалдарды колдонуу сабактарды жандантат, маалыматты жакшы кабыл алууга жана угуу менен сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. *Жасалма интеллект (ЖИ) жана активдүү технологиялар*. ЖИ угуучулардын жетишкендиктерин анализдеп, индивидуалдуу тапшырмаларды сунуштайт, мугалимге ар бир окуучунун муктаждыгын жакшы түшүнүүгө жардам берет. ЖИ колдонууда мобилдик тиркемелер ар бир окуучунун муктаждыгына ылайыктап, каталарды анализдеп, алсыз жагдарын аныктап, индивидуалдуу тапшырмаларды сунуштайт.

*Видео жана аудио каражаттар*. Видео сабактар, подкасттар жана аудиокитептер угуу көндүмдөрүн жакшыртууга жана лексикалык байлыкты кеңейтүүгө жардам берет. Мындан тышкары, тапшырмаларды автоматташтыруу жана стимулдаштыруу системалары мугалимдердин убактысын үнөмдөп, окутуунун чыгармачыл жана татаал жагына көбүрөөк көңүл бурууга мүмкүндүк берет [9, 163-164].

Бул технологиялар окуучулар менен мугалимдер үчүн англис тилин үйрөтүүнү жеткиликтүү, кызыктуу жана эффективдүү кылат. Негизи ар бир окутуучу өзү окуткан угуучунун психологиялык жана социалдык муктаждыктарын туура таанып үйрөнүүгө жетишүүсү зарыл. К.Д Ушинский айткан” баланы тарбиялап окуткун келсе аны ар тараптан таанып үйрөн”. Ошондуктан, окутуучунун угуучуларга карата жекече мамиле жасоосу да окутуунун эң маанилүү формасы болуп саналат.

Акыркы жылдары **ЖИ** технологияларын колдонуу билим берүүнүн маанилүү багыты болуп калды – Кыргызстанда да эл аралык деңгээлдегидей эле өз ордун көрсөтүүдө.

Кыргызстан жана Россия мектептеринде интерактивдүү такталар, проекторлор, мультимедиа колдонуу активдүү өнүгүп жатат. «Фоксфорд» жана башка ушу сыяктуу сыяктуу платформалар кеңири колдонулууда. Бирок кээ бир окуу жайлар техникалык инфратүзүмдүн жана мугалимдерди даярдоонун жетишсиздигинен улам заманбап технологияларды толук колдонууга мүмкүнчүлүк болбой келет.

Жыйынтык:

Заманбап технологиялар англис тили сабактарын кызыктуу, жеткиликтүү жана жекече иштөөдө аудитория үчүн ийгиликтерди жогорулата тургандыгы, чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратаарыжөнүндө азыноолак сөз кылдык.

Чет тилде сүйлөгөндө сүйлөп жаткан сөздөрдү туура түшүнө алууда кээ бир көйгөйлөр жарала тургандыгын ал грамматикалык жана лексикалык тоскоолдуктар экенин белгилөө менен андан кантип чыгуунун жолдорун санадык.

ЖОЖдордо системалуу-практикалык ыкманын алкагында англис тилин окутуунун негизин төрт түрдүү сүйлөө иш-аракетин үйрөтүү түзө тургандыгы боюнча баягдалды. Аудитория англис тилин бир эки жылдык мөөнөттөрдөн бери үйрөнүшкөнүнө карабай, чет өлкөлүк тилди алып жүрүүчүлөр менен айрым учурларда эркин баарлашып, түшүнүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. Бул кыйынчылыктардын себеби катары тааныш эмес лексика, идиомалардын, колдонулушу, же сүйлөө ылдамдыгы, интонация, так айтылбаган сөздөр, ошондой эле сүйлөгөн адамдын диалекттери жана акценттери болушу мүмкүн. Бул макалада англис тилин терениреек окутуу үчүн лексикалык жана грамматикалык деңгээлдердеги кыйынчылыктарды, ошондой эле чет элдик тил ээтери менен байланышууда угуунун үйрөнүү жана кийинчерээк түшүнүүдөгү ролун карадык [10, 278–283].

*Социомаданий компетенттүүлүк* – окуучулар ар түрдүү элдердин маданияты менен таанышат, үйрөнүп жаткан тилдин жардамы менен жеке жана башка айырмачылыктарга карабастан, тажрыйбага, кызыкчылыктарга, негизги мектептин окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген баарлашуунун темаларынын, чөйрөлөрүнүн жана кырдаалдарынын алкагында адамдар менен мамиле түзүүгө үйрөнүшөт; чет тилде маданияттар аралык байланышта өз өлкөсүн, анын маданиятын көрсөтүү жөндөмдөрүн калыптандырып башташат.

Англис тилинде баарлашуу – бул өз ой-пикирин ооз жана жазуу түрүндө билдирүү гана эмес, ошондой эле англис тилиндеги сүйлөнгөн сөздү угуп түшүнө билүү жөндөмүн арттыруу боюнча окутуучудардын милдетине кирген айрым эрежелерди камтыдым.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Абдулдаев Э**. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия. Графика жана орфография. Лексикология жана фразаеология. – Б.: Кыргызстан, 1998. – 256-258б.
2. **Арнольд И.Б.** Стилистика современного английского языка: (Стилистика декодирования). 3-е изд. – М.: Просвещение, 1990. – 300-302 бб.
3. **Ахматов Т., Мукамбаев Ж**. Азыркы кыргыз тили. Фонетика. Лексика. – Ф.: Мектеп, 1978. – 176-б.
4. **Аристова Е.А.** Проблема восприятия диалектов и акцентов английского языка студентами языковых специальностей // Вестник Пермского национального исследовательского политехнического университета. 2011. №5. – С. 114-117.
5. **Аширбаев Т**. Кыргыз тилинин стилистикасы: (Стилистиканын жалпы маселелери): Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек-Ош: Кыргызстан, 2000. – 122-124б.
6. **Баранов, А.А**. Формирование и развитие компетентности по преодолению профессионально-личностных затруднений у бакалавров педагогического образования / А.А. Баранов // Вестник Удмуртского университета. 2012.–№ 2. – С.65–69
7. **Букина В.А.** К проблеме обучения современным диалектам английского языка в ВУЗе // Вестник государственного гуманитарно-технологического университета. 2018. №4. – С. 12-18.

8. **Кадырова Ш.** Англис жана кыргыз тилдерин (фонологиялык) контрастифтик фонетикасы Монография. – Бишкек: И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети, 2008. – 227-229 б.
9. **Кравченко, А.В.** Когнитивная грамматика на уроке английского, или как облегчить жизнь русским студентам / А.В. Кравченко // Вестник МГИМО Университета. – 2013–№ 66 (33) – С.83–87.
10. **Наумова В.А.** Развитие аудитивной компетенции студентов // Вестник Волгоградского государственного университета. 2012. № 10. – С. 163-164.
11. **Тимофеева, П.В**. Трудности грамматической системы английского языка для русскоговорящихобучающихся и их преодоление/П.В. Тимофеева // Молодой ученый–2019–№ 43(281) – С.278–283

**Рецензент: кандидат филологических наук, доцент Ибраимова Г.О.**